# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун өтүнүчүн
өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2020-жылдын 14-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ж.А. Шаршеналиев, К.Дж. Кыдырбаев, Л.П. Жумабаев сот отурумунун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусу менен Н.У. Кочкоровдун өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

## Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2020-жылдын 15-сентябрында Н.У. Кочкоровдун Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 170-беренесинин «уурдалган адамды уурдаган учурдан тартып 72 сааттын ичинде ыктыярдуу бошоткон адам ушул берененин 1-бөлүгүндө же 2-бөлүгүнүн 1-5-пункттарында каралган жосундары үчүн жазык жоопкерчилигинен бошотулат» деген сөздөр менен баяндалган эскертүүсүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна, 24-беренесинин 1-бөлүгүнө, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуучунун өтүнүчүндө баяндалгандай, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-абзацына ылайык, адам

укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Андыктан адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын башкы максаты.

Адамдын эркиндикке болгон укугу кол тийгис жана анын эркиндигин чектөөгө болгон ар кандай аракеттерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынып, аталган укук коргоого алынышы керек.

Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин «Кишинин жеке эркиндигине каршы кылмыштар» аттуу 27-главасында адамдын эркиндиги кол тийгис жана ага кол салуу жазык жоопкерчилигине тартылат деп көрсөтүлгөн.

Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын 9-беренесине болгон №35 жалпы тартиптеги түшүндүрмөсүнө ылайык адам эркиндиги - адамдын мажбурланып кармалбаган физикалык эркин аракети. Жеке кол тийбестик - адамдын физикалык жана психикалык абалына зыян кетпегенде же физикалык жана психикалык абалына коркунуч жаралбаган бейпилдик.

Арызданууучу белгилегендей, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 170-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, аталган Кодекстин 244-беренесинде каралган кылмыштын белгилери болбогондо, аны ал туруктуу же убактылуу турган жеринен которуп, ал турган жерден айырмаланган жерге андан ары кармоо менен коштолуучу, кармап алуу, алдоо же өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген зомбулукту колдонуу менен же болбосо мындай зомбулукту кылам деп коркутуу менен жасалган адамды анын эркине каршы уурдоо, II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Ошол эле березенин 2-бөлүгүнө ылайык, адамдардын тобу же алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан; билип туруп жашы жетелекке карата; күнөөлүү билип туруп кош бойлуу аялга карата; төлөм алуу, же болбосо башка жеке кызыкчылык максатында; эки же андан көп адамга карата; этиятсыздыктан ден соолукка оор зыян келтирген; адамдан же

өлгөн адамдан трансплантация үчүн органдарды же ткандарды алуу максатында жасалган ошол эле жосун III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Ал эми жогоруда аталган берененин эскертүүсүндө уурдалган адамды уурдаган учурдан тартып 72 сааттын ичинде ыктыярдуу бошоткон адам ушул берененин 1-бөлүгүндө же 2-бөлүгүнүн 1-5-пункттарында каралган жосундары үчүн жазык жоопкерчилигинен бошотулат деп каралган.

Кайрылуу субъектинин пикири боюнча талашылып жаткан ченем менен уурдалган адамдын эркиндигинин кол тийбестиги, Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган ар кимдин соттук коргонуу укугу бузулууда.

Н.У. Кочкоров өз кайрылуусунда, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2019-жылдын 11-сентябрындагы, 2020-жылдын 18-мартындагы чечимдеринде баяндалган укуктук көз караштарды келтирген.

Аларга ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясында ар кимге укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоо кепилденет деп жар салган жобо, эң кур дегенде, эки курамдык бөлүктү өзүнө камтыйт: биринчиден, мамлекет ар кимдин талабы боюнча соттук териштирүүнү жана мындай териштирүүнүн алкагында талаш-тартышты колдонуудагы мыйзамдарга ылайык маңызы боюнча чечүүнү камсыз кылууга милдеттүү; экинчиден, соттук коргоо мыйзамдуу укук же кызыкчылык бузулгандан кийин жүзөгө ашырылат, башкача айтканда кепилдик келечектеги укук бузууларды алдын алуу катары эмес, бузулган укукту калыбына келтирүү катары жүзөгө ашырылат.

Соттук коргонуу укугу өзүнүн табияты боюнча абсолюттук болуп туруп, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин талаптарына ылайык мамлекеттен анын мыйзам чыгаруу ишмердигинде бул кепилдикти сөзсүз жүзөгө ашырууну талап кылат.

Мындан, Н.У. Кочкоровдун пикири боюнча, эгер адам уурдалса, адамды уурдаган кылмышкер мыйзамдуу жазасын алып, ошону менен уурдалган адамдын соттук коргонуу укугу, сот адилеттүүлүгү жүзөгө ашырылышы керек.

Арызданууучунун айтымында, талашылып жаткан ченемди колдонуу кылмышкерди, эгер ал уурдалган адамды уурдаган учурдан тартып 72 сааттын ичинде ыктыярдуу бошотсо, адам уурдагандыгы үчүн жазык жоопкерчилигинен бошотот, кылмыш адамдардын тобу же алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан, билип туруп жашы жетелекке карата, күнөөлүү билип туруп кош бойлуу аялга карата, төлөм алуу, же болбосо башка жеке кызыкчылык максатында, эки же андан көп адамга карата жасалганы сыяктуу оордотуучу жагдайлардын болгонуна карабастан сот тарабынан каралбай калууда. Мунун натыйжасында, кайрылуу субъектинин пикири боюнча, уурдалган адамдын эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укуктары, соттук коргонуу укугу, ошондой эле баланын эң жакшы кызыкчылыктарын камсыз кылуу кепилдиги бузулууда.

Жогоруда баяндалган жүйөлөрдүн негизинде кайрылуу субъекти Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин талашылып жаткан ченемин конституциялуу эмес деп таанууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берүүчү өтүнүч таризиндеги кайрылуу Конституциялык палатада каралуучу иштин себеби болуп эсептелет.

Келтирилген материалдардан Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 170-беренесинин «уурдалган адамды уурдаган учурдан тартып 72 сааттын ичинде ыктыярдуу бошоткон адам ушул берененин 1-бөлүгүндө же 2-бөлүгүнүн 1-5-пункттарында каралган жосундары үчүн жазык жоопкерчилигинен бошотулат» деген сөздөр менен баяндалган эскертүүсүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүк байкалат. Бул ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароо үчүн негиз болуп эсептелет.

Н.У. Кочкоровдун өтүнүчү «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 20, 21, 24, 25, 26-беренелеринин талаптарына жооп берет.

Жогоруда аталган тыянактын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Аныктама Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ж.А. Шаршеналиев

К.Дж. Кыдырбаев

Л.П. Жумабаев